УДК: 37(575.2)

**Алымбеков Бакыт Кенжебекович**
И. Арабаев атындагы КМУнун Кадрларды өркүндөтүү жана кайра даярдоо институтунун магистранты
**Алымбеков Бакыт Кенжебекович**
Магистрант Института повышения квалификации и переподготовки кадров КГУ им И. Арабаева
**Alymbekov Bakyt Kenzhebekovich**
Master student of Institute for advanced training and retraining of personnel KSU them I. Arabaev

## ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ РЕФОРМАГА МУКТАЖ

## НЕОБХОДИМОСТЬ РЕФОРМИРОВАНИЯ ОБРАЗОВАНИЯ В НЕЗАВИСИМОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

## THE NEED FOR EDUCATION REFORM IN INDEPENDENT KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Макалада Кыргыз Республикасындагы бүгүнкү күндөгү билим берүү реформасындагы жаңылануу багытындагы негизги мүмкүнчүлүктөр артыкчылыктар, оорчундуу көйгөйлөр каралган. Билим берүү – бул Кыргыз Республикасындагы өнүгүү стратегиясын башкаруудагы жол көрсөтүүчүсү. Ошондуктан өсүп келе жаткан жаштарды келечекке даярдап жаткан соң алардын көз караштарын жана адамдык сапаттарын ички дүйнөсүн, да жаңы коомду өзгөртүп куруп башкара ала турган даражага көтөрүү милдетине коомчулук менен мамлекет да көңүл борборун бурушу өтө маанилүү. Ал эми билим берүү уюмдарында жаштардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн гана өнүктүрбөстөн, келечекте мамлекетти башкарууга даярдашыбыз керек. Макалада тарыхый, коом таануучулук жана социалдык-экономикалык багыттагы жалпы билим берүүнүн азыркы жашап жаткан коомчулуктун жергиликтүү дэңгээлдеги баардык кырдаалдарга жоопкерчиликтүү жана өнүгүү процессинде берилген мүнөздөмөсү катары каралгандыгы айтылган.

**Аннотация:** В статье рассматриваются основные приоритеты, возможности и вызовы в сфере модернизации образовательной реформы в Кыргызской Республике сегодня. Образование - это руководство в управлении стратегией развития страны. Поэтому, подготовив молодых людей к будущему, для государства очень важно обратить внимание на задачу поднять их внутренний мир, отношения и человеческие качества до уровня, на котором они могут трансформировать новое общество и управлять им. А в образовательных учреждениях нужно не только развивать независимое мышление молодых людей, но и готовить их к будущему правительству. В статье говорится, что общее образование в области истории, социологии и социально-экономической науки рассматривается как характеристика нашего общества, отвечающая за все ситуации на местном уровне и в процессе развития.

**Abstract:** Today innovation in education reform in the Kyrgyz Republic, the main advantages of the opportunities provided, pressing problems. Education is a national development strategy. Therefore, youngsters are prepared for future and their selfness, attitudes and human qualities of a level to build a new company to change control is essential to pay attention to the responsibility of raising the state’s center. However, educational institutions thinking of young people’s self-development, governance of the state is necessary to prepare the morning. Historical sociology and

socio-economic trends in general education who live in our community and local levels of responsibility in all situations, and served as a developmental process characteristics.

**Негизги сөздөр:** Билим, билим берүү, Реформа, Мамлекет, Мектеп, Педагогика

**Ключевые слова:** образование, реформа, государство, школа, педагогика.

**Keywords:** Education, Reform, Government, Schools, Pedagogy.

Турмуш ар дайым тынымсыз кыймылда болуп тургандыктан, анын бардык тармактарында да заманбап өзгөрүүлөрдүн болуп турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мына ошондой артыкчылыктуу багыттардын бири-билим берүү тармагы экендигине жалпы коом өз учурунда көңүл буруп, аны жаңылануу зарылдыгына басым жасады. Анткени, мамлекеттин кубаттуу, күчтүү болуусу үчүн анын ар бир жараны билимдүү, жогорку маданияттуу болушу шарт. Ошондуктан, билим берүү-бардык ведомстволордун, бүт өлкөнүн жана коомдун милдети.

Кыргыз билим берүү системасынын абалы. Билим берүүнүн мурунку системасы өзүнүн натыйжалуулугун жоготуп, рынок мамилелеринин шартында экономикасынын, техникасынын, маданиятынын талабына туура келбей калган. Кыргызстандын көз каранды эместиги жарыялангандан кийин билим берүү тармагын реформалоо иши жүргүзүлө баштаган. 1992-ж. декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши «Билим берүү жөнүндө» мыйзам кабыл алган. Анда азыркы кезде билим берүүнүн борборунда адам, анын билим алууга болгон умтулуусуна жардам берүү тураары аныкталган. 1996-ж. «Билим жылы» делип жарыяланып, 19-мартта Президенттин указы менен «Билим» улуттук программасы бекитилген.

Анда билим берүүнү демократиялаштырууга, гумандаштырууга, дифференциялаштырууга, мектептердин базасын чындоого өзгөчө көңүл бурулган. Реформанын жүрүшүндө КМШнын башка республикаларынын көбүнөн айырмаланып, Кыргызстанда мектеп окуучуларынын жана студенттердин саны кыскарган эмес. Эгерде 1992ж. республиканын мектептеринде 955 миң окуучу окуса, 1996ж. алардын саны 987 мин болгон. Бул мезгилде республиканын жогорку окуу жайларында студенттердин саны 53,6 миңден 56,3 миңге көбөйгөн. Демек, республикадагы социалдык—экономикалык кыйынчылыктарга карабастан реформа жылдарында окуучулар менен студенттердин саны өскөн.[6]

Кыргызстандын келечеги тууралуу кеп кылганда эле биз саясатка токтолобуз. Бирок биздин жаш муундар жана алардын келечеги үчүн маанилүү болгон, биз көңүл бура турган өзгөчө маселелер бар. Ал - отуз жылдан бери өлбөстүн күнүн көрүп келе жаткан билим берүү системасы. Ар бир эле ата-эне балдарынын билим алуусуна кайдыгер карабаса керек. Бирок бүгүнкү күндүн жаштары ЖОЖдун дипломy жакшы кызмат табуу үчүн кепилдик бере албай тургандыгын жакшы түшүнүп калышты.[4]

Ал эми Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдары “билим” алган миңдеген жаштар өлкөдөн кесиптик багыттагы жумуш орундарынын жоктугунан, эртеңки келечектин айкынсыздыгынан, коррупциянын терең тамырлашынан, өз өлкөсүнөн чыгып кетүүгө аракеттенишсе, чет өлкөлөрдө билим алгандар мүмкүн болушунча ошол жактарда калууга аракеттенишүүдө. Терең өкүндүрүүчү нерсе, бул кечээки мугалимдер, врачтар, инженерлер жана башкалар базарларда алып сатарлык, курулуштарда кара жумуш менен алектенип, күн өткөн сайын мамлекет же өз чөнтөгүнөн каражат сарптап ээ болгон квалификациясын жоготууда. Жүздөгөн жана миңдеген мурдакы мугалимдер, врачтар социалдык чөйрөнүн кызматкерлери “жаңы кыргыздардын”- байлардын “кызматкери” болушууда. Башкача

айтканда миңдеген билимдүү Кыргызстандыктар жаратмандык иш менен эмес, кедейликтен чыгуунун, жаман курсакты тойгозуунун аракети менен алек.[2]

Билим берүү бүгүн улуттук коопсуздуктун, көз карандысыздыкты сактоонун бирден-бир маселесине айланып олтурат. Бул чөйрөнү оң жолго салбай туруп, өлкөнүн жаркын келечегин куруу мүмкүн эмес. Билим берүү иши эч качан бала бакча менен тарбиячынын, мектеп менен мугалимдин, жогорку окуу жайы (ЖОЖ) менен доцент, профессорлордун гана бүт өмүрлүк иши, баш көтөрбөй аткарар жумушу болбош керек. Келечек муунду тарбиялоо буга чейин «эл чарбасынын өзүнчө бир тармагы катары каралып, ошондон улам анын өнүгүшүнө жалгыз Билим берүү жана илим министрлиги жооп берет»,[1] - делип келинген эле. Мындай мамиле, албетте, жарабай калды. Билим берүү жаатындагы өзгөртүү ишине бардык мамлекеттик структуралар, бизнес, улуттук элита, акыры ата-энелер катышууга тийиш.[7] Бул, албетте, билим берүү көйгөйүнө карата жасалган жаңыча мамиле. «Билим берүү жалпыбыздын ишибиз» деген сыяктуу үстүрт ураандын ордуна билим берүү эң биринчи кезекте конкреттүү уюмдар менен өлкөнүн иши экендигин баса белгилениши зарыл. Бул да болсо маселеге жаңы өңүттөн, жаңы бийиктиктен мамиле жасоонун айкын күбөсү. Билим берүү өлкөнүн келечеги менен өтмө катыш ажырагыс байланышта экендиги да баса белгиленет.

Кризистен кийинки өнүгүү маалында ким жаңы инновациялык үлгүнү мыкты жана озунуп өздөштүрүп кетсе, мөрөйдү ошол алары анык. Ошону менен бирге, «инновация» деген бир гана жаңы технологияларды пайдалануу эмес, эң оболу өз мүмкүнчүлүктөрү менен ресурстарына башка көз караштты калыптандыруу да болуп саналат. Демек, билим инновациялык саясаттын негизги механизми болуп калууга тийиш.[1]

Билим берүү менен руханий жактан бакубат инсандарды тарбиялоо ишинде азыркы учурдагы мектептердин алдына конкреттүү милдеттерди койууну талап кылууда. Мектеп азыркы технологиялык атаандаштык заманында балдар ийгиликке жетишүүсүнө, балдардын коомдук иштерге жандуу аралашуусуна, мугалимдерге өзгөчө көңүл бөлүү менен заманбап педагог кадрларды даярдоого, мектепте балдарыбыздын чың ден соолугуна негиз салууга шарт түзүү керектигин белгилөө.[5] «Мектеп» деген окуу үчүн эле эмес, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үлгүлүү социалдык-маданий комплекси болууга тийиш.

Билим берүү реформасынын жүрүшүндөгү кадамдар.

Билим берүү реформаларын ишке ашыруу убакыт, энергия жана план-программа талап кылган маанилүү иш болуп эсептелет. Ошондуктан билим берүү тармагында реформа жасоо үчүн кээ бир кадамдардын ташталышына аяр мамиле кылган жакшы болот. Эмесе бул тармакта кандай кадамдардын ташталышы керек экендигине токтололу. Султанкулов бул боюнча төмөндөгүлөрдү сунуштаган:

• Биринчи кадам: реформаны баштоодон мурун коомдук аң-сезимди жаңы багытка буруу максатында бардык массалык маалымат каражаттары аркылуу билим берүү реформасынын идеологиясын жүргүзүү; Бардык кыйынчылыктарга карабастан, мугалимдерди жана ата-энелерди ынандыра ала турган компетенттүү адистер менен республиканын жети облусуна барып, жер-жерлерде педагогикадагы рыноктук мамиле боюнча коомчулук менен түшүндүрүү иштерин ишке ашыруу зарылдыгы турат;

• Экинчи кадам; билим берүүнүн философиясын жаңы заманга (рыноктук, демократиялык, гуманисттик) багыттарга ылайыктап модернизациялоо;

• Үчүнчү кадам: билим берүүнүн мамлекеттик стандартын, окуу план программаларын мезгилге шайкеш иштеп чыгуу; мектептин лабораториялык практикалык базасын чыңдоо;

билим берүүнүн технологияларын педагогикалык кызматташтык менен айкалыштырып эффективдүү пайдалана билүү;[3]

Бул пикир кыргыз коомчулугунда талкууга алынып, эгер көпчүлүк тарабынан жактырылса пилоттук негизде айрым жерлерде жүзөгө ашырылса жакшы болмок.

**Колдонулган адабияттар:**


1. А. Бекбалаев. Аты аталган макала. 15-б
2. Автор: Ташполотов Ыcламидин, физика-математика илимдеринин доктору, профессор
3. Д. Султанкулов. Аты аталган макала.
4. Жеңишбек Назаралиев, Медицина илимдеринин доктору, профессор, нарколог
5. К. Жунушалиева. Учурдагы мектепти башкаруунун өзгөчөлүктөрү (Uçurdagı mektepti başkaruunun özgöçölüktörü) // Шоокум, №11. 2012.11-б.
6. Өскөн Осмонов – Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор.
7. Өлкө келечегине, көзкарандысыздыгына доо кетирген эмне? (Өlkө keleçegine, kөzkarandısızdıgına doo ketirgen emne?)// Агым. №23. 12.06.09. 10-б.


**Рецензент: п.и.к., доценттин м.а. Омурканова Ч.Т.**